Ак жамгырлар

Сөзү: Чотурова Бактыгүл
Обону: Бейшекеев Сыймык

Чачыбыздан өпкүлөгөн,

Ак жамгырлар, жамгырлар.

Май түнүндө бизди тапкан,

Махабаттын таңы бар.

Жамгыр жууп кусалыкты,

Көңүлдөрдү тазартып.

Көптөн күткөн жолугушуу,

Самап күткөн жолугушуу,

Сагынычтан арылар.

Кайырма:

Ак жамгырлар тыбыр, тыбыр,

Тыбыраган, тыбырап.

Арзуу айтып шыбыр, шыбыр.

Шыбыраган шыбырап

Жаратылыш жаздын жыты,

Жыттангандай жагымдуу,

Жан жыргатып жүрөктөрдөн,

Жүрөктөргө ыр улап.

Ажырашуу мүнөттөрү,

Коштошуунун мүнөттөрү

Булуттардай буюгат,

Мөлтүр тунук тамчы, тамчы

Мойнубузга куюлат.

Ал тамчылар токтоно албай,

Мөлт, мөлт этип токтоно албай

Кирпиктерден кулаган

Коштошууга кыйбай турган,

Көз жашымдай туюлат

Кайырма:

Ак жамгырга жарашкандай,

Ак кайындар, кайындар

Араладык жыргаткандай,

Алыс калып айылдар.

Экөөбүздөн башка жоктой

Бактылуулар ааламда,

Кош деп айткым келбейт такыр

Ага кандай шайың бар.

Кайырма:

Источник: https://kg-republic.ru/music/audio.php?id=4517